**УДК 391(943.41) (043.3)**

**МОМУНБАЕВА Н.С.**
*КРнын Улуттук тарых музейи,*
**МОМУНБАЕВА Н.С.**
*Национальный исторический музей КР*
**MOMUNBAEVA N.S.**
*KR National history museum*

# ОРТО АЗИЯЛЫК ТАРАЛЫШТАГЫ КИЙИМДЕРДЕГИ ЖАЛПЫЛЫКТАР (XIX-XX- КЫЛЫМДАРДА)

## Паралелли народных костюмов Средней Азии (XIX-XX-веков)

## Parallels of traditional clothes of Middle Asia (XIX-XX- centuries)

***Аннотация.*** *Орто Азия элдеринин кийимдерин изилдөөдө бычма тигилиштеринде, аларга колдонулган кездемелеринде жана кийүүдөгү тартиптеринде жалпы окшоштуктар орун алган. Малчылыктан, аңчылыктан алынган терилерди иштетүү менен кийим-кечелерге колдонулушунда жалпылыктар арбын. Орто Азия элдеринин кийимдери негизинен бычма тигилиши жагынан бирдей таралышка ээ. Ошондой эле канатташ жашаган кыргыз, казак, өзбек жана тажик элдеринин ортосунда этно-маданий байланыштар дайыма болуп келгендиги байкалат. Мындай жалпылыктардын негизинде жана соода-сатык, маданий байланыштардан улам жалпы кийимдердин таралуусу кеңири аймактарга жайыла берген. Ал эми мындан сырткаркы аймактардагы элдердин кийимдериндеги бычма тигилиштерге байкоо жүргүзгөнүбүздө салыштырмалуу айырмачылыктар бар. Бул элдердеги жалпылыктар негизинен кийимдерге колдонулган материалдарында көп учурайт. Аңчылыктан алынган баалуу аң терисин кийимдерге колдонулушу бул аймактардын ортосундагы соода сатык мамилелерден келип чыккан.*

***Аннотация.*** *Паралелли в одежде народов Средней Азии обнаруживаются в покрое, в ткани и в правилах их ношения. В основном одежда изготавливается из материалов, которые давали скотоводческое хозяйство и охота. Поэтому намного больше встречаются общие черты в одежде, которые сделаны из меха. Народы Средней Азии, живущие в одном пространстве как кыргызы, казахи, узбеки и таджики, между ними замечаются постоянные этно-культурные связи. Торгово-культурные связи, тоже влияли на распространение некоторых видов общих одежд. В покрое одежды у других народов можно наблюдать относительные различия. Общие паралелли в одежде у них много встречаются в использовавшихся тканей. Широкое распространение меховой одежды, которую давала охота связана в целом с торговлей.*

***Abstract.*** *Paralelles in the clothes of the peoples of Central Asia are found in the cut, in the fabric and the rules of wearing. Most of the peoples of Southern Siberia are made from materials that gave livestock farming and hunting. therefore, much more common features in clothes that are made of fur. Peoples living in the same space as kyrgyz, kazak, uzbek and tadjik are observed constant ethnic and cultural ties between them. Trade and cultural ties also made for the spread of certain types of clothing. Relative differences can be observed in the*

*tailoring of clothes among the peoples. They have common parallels in clothes that are found in used fabrics. The wide distribution of fur clothing that gave the hunt is generally associated with trade.*

***Урунттуу сөздөр:*** *элдер, кийимдер, жалпылыктар, маданий, өзгөчөлүктөр, аңчылык, малчылык.*

***Ключевые слова****: народы, одежды, паралелли, культурные, особенности, охота, скотоводство.*

***Keywords:*** *peoples, clothes, parallels, cultural, features, hunting, cattle breeding.*

Кыргыздар көптөгөн мезгилдер бою көчмөнчүлүк доордо жашап, ошол жашоо шартына ылайык кийимдердин түрүн жаратты. Улам мезгилдер өткөн сайын турмуш тиричиликтин өзгөрүшү кийимдерге өз таасирин тийгизген. Кыргызстандын түндүк аймагында жашагандарынын негизги чарбасы малчылык болгондуктан малдын жүнү, териси кеңири колдонулган. Ал эми, Фергана өрөөнүндөгү кыргыздар жана ага чектеш аймактарда жашаган улуттар дыйканчылыктан алынган материалдардан кийим кечелерди тигишкендиги менен айырмаланат. Ошондой эле кебезден, жибектен согулуп даярдалган кийим-кечелер басымдуулук кылган. Жибек, кебезден алынган кийимдер жылдын жылуу мезгилине ылайык, малдын териси менен жүнүнөн даярдалганы негизинен суук мезгилдерде кийилип келди. Кышкы сууктарда тон, ичик кийимдери малдын жүнү кыркылбаган терисинен даярдалат. Же болбосо аң терилерин колдонуп жасашкан. Аңчылыктан алынган терилерден тигилген кийимдер абдан баалуу болуп жалпы түрдө кийилген эмес. Аларды колунда барлары гана кийе алышкан. Дыйканчылык кеңири өнүгө элек мезгилде жалпы түрдө малчылыктан жана аңчылыктан алынган кийим-кечелерди даярдашкан.

Кыргыз элинде кийиилген айрым кийимдер башка элдердин да үлгүлөрүндө кездешет. В.В.Радловдун изилдөөлөрүндө кыргыздар менен тува элдеринде байыркы кийимдердин курамына кирген эркектерге таандык кийим кементай жөнүндө жазган. Кийимдин жасалышына токтолуп анын кибенек, кебанак деген башка аталыштары бар экендигин билдирген [1]. Ушундай жасалыштагы кементайды тувалыктар хевенек аталышында кийишкендиги маалым.

С.И.Вайнштейн тувалыктардын материалдык маданиятын иликтөөгө алып кызыктуу маалыматтарды калтырган. Ал тувалыктардын кийим-кечесин изилдөөсүндө кыргыздар менен болгон көптөгөн окшоштуктарды белгилейт. Айрыкча эркектердин сырт кийими тон Орто Азия жана Түштүк Сибирь элдеринде жалпы таралышка ээ деген ойун билдирген. Бул кийимди кеңири аймактарда көптөгөн мезгилдер бою кийип, кийинки мезгилдерде гана колдонуудан чыга баштаган. Бирок ошондой болсо дагы салттуу кийим катарында эл ичинде эскерилип келет. Биздин изилдөөлөргө караганда тондун жасалышында да бир нече жалпылыктар бар. Малдын терисин иштетүүдө колдонулган ыкмалар негизинен бардык элдерде бирдей ыкмада даярдалат. Ошондой эле Түштүк Сибирь элдеринде аңчылыкта пайдаланган кижи дагаа аталышындагы аңчылыкта кийилген бут кийим кыргыздардын мергенчилери кийген темир туякка абдан эле окшош [2].

Орто Азиялык таралыштагы ичик кийими сырт киймдердин курамына кирип, жылдын кыш мезгилинде кийүүгө ылайык. Кийимди изилдөөдө бир канча түрү бар экендигин байкадык. Бизге чейин изилдөөгө алган окумуштуу С.М. Абрамзондун эмгектеринде ичик кийими тууралуу маалыматтар кездешет [3]. Ал күнүмдүк кийим катарында кийилбестен майрамдык болуп саналган. Алар бычылып тигилиши жагынан бирдей болгону менен керектелген терисине жараша ар кандай аталышты алып жүргөн [4]. Сырты бекем кездемеден тышталып, астыңкы ачык бөлүгү байланма түрүндө жасалат. Майрамдык кийим болгондуктан баалуу аң терисинен тигишип, улам кийинки муунга таберик катарында өткөрүп келишкен. Ичик мурдагы убакта тартиби боюнча турмушка чыккандан тартып кийиле баштаган. Кыздын себинде же кийит катарында

берилген. Байбичелердин айтымында эң кымбат баалуулары өмүрүнүн аягына чейин сакталып, көзү өткөндөн кийин кийимдерин салт боюнча ошол урууга таандык аялдар, көмүү зыйнатында мураска алышкан. Мындай түрдөгү кийим Орто Азия жана Казахстан элдерине мүнөздүү болгондугун Е.И. Маховада өз эмгегинде белгилей кеткен [5].

Аңчылыктан алынган жапайы айбандардын терисинен негизинен тон, ичиктерди тигишкен. Тон аталышы көп элдерде бирдей таралышка ээ болуп, койдун терилеринен тигилгендери кеңири кийилген. Ал эми аңчылыктан алынгандарын колунда барлары көбүрөөк колдонушкан. Айрыкча сүлөөсүндүн териси баарынан жогору бааланган. Мындай териден тигилгенин атактуу адамдар гана кийе алышкан. Анткени ал тери абдан баалуу болуп наркы жогору турган. Аң жана малдын терилеринен тигилгендеринин эки жеңине тери капталбай калың кездеме ичтелип, ортосуна кебез салынган. Ушундай жасалышы эки колдун кыймылдоосуна ыңгайлуу шарт түзгөн. Бул ыкма баардык элдерде кеңири колдонулуп жалпы таралышка ээ. Кийимдин ичиндеги терисинин даярдалышына жараша сыртына капталган кездемеси бычылат. Сыртын атайын кара түстөгү тукаба кездемеси менен тыштаган. Себеби, чоң кийимдерди жууп тазалаш оор болгон. Ошондуктан кир көтөрүмдүү жагы дагы эске алынган. Биз топтогон маалыматтарга караганда ичиктердин ичинен көрктүүсү кундуз терисинен жасалган. Абдан кымбат болгондуктан жасоо бардыгынын колунан келе берген эмес. Мындай териден тигилген ичикти чанда гана аял кийип жүргөн. Кийимге керектелүүчү терисин даярдоо кыйынчылыка турган. Анткени кундуз башка аң жаныбарынан айырмаланып сууда жашап, көлөмү кичиней болгондуктан көп сандагы тери керектелген [6].

Орто Азия элдеринде сүлөөсүн, кундуз, карышкыр, илбеесин, түлкү ичиктери жогору бааланып, соода сатыкта кымбатка турган. Маалыматтарга караганда илбеесиндин кооз чаар ала териси кийимге көркөмдүктү берген. Сый катарында майрамдарда, тойлордо, салтанаттарда гана кийилген. Куда сөөктөргө кийит катарында да берилген. Жогоруда айтылган сырт кийимдерин кийинки биздин мезгилде колдонуудан чыгып калганын байкоого болот. Ошондой болсо дагы алардын айрымдары музей казыналарында экспонат катарында сакталып калган. Аялдарга көбүнчө түлкүнүн терисин колонушкан. Мындай териден тигилгени абдан кооз көрүнгөн. Кийимдин ичи түлкүнүн терисинен ичтелип, сыртынан ачык күлгүн түстөгү тукабадан тигилген. Кездеменин ачык түстө болушу негизинен жаш курактагы аялдарга ылайык.

Ичик, тон кийимдери үчүн керектелген аң терилерин бардык эле элдерде атайын кермелерге илип кургатышкан. Ошондой эле аларды иштетүү кылдаттыкты талап кылган. Малдын же аң терисинен жасалган кийимдерди сактоо үчүн атайын ыкмаларды колдонуп этият карап туруу зарыл. Антпесе күбө түшүп бат эле жараксыз болуп калат. Ал эми койдун терисин даярдоо ыкмалары башкачараак. Биздин жүргүзгөн байкоолорубузда койдун териси атайын көлөкө жерде күн тийгизбей кургатылат. Анын бетине ачыткы сыйпап кайра аны тазалап, улам эки киши терини тегиздеп тартып турушат. Мындай ыкма теринин катып калышынан сактаган. Ичик кийимин тигүүдө анын сырткы кездемесин соода сатыктан келгендеринен колдонушкан. Ошондуктан бардык элдердеги ичиктерге колдонулган кездемелердин жалпы окшоштуктары келип чыккан десек жаңылышпайбыз. Бардык элдерде эле кымбат баалуу кездемени сый кийит, майрамдык кийимдерине жумшаган. Тукаба кездемесининин бир канча түрү кеңири тараган. Анын ак, кызыл, сарысын кыздардын чапан, тебетейине керектеп, кара, көк, күрөң түсү улгайган аялдардын сырт кийимине колдонгон. Маалыматтарга караганда тукабаны ичиктерди тигүүдө кеңири колдонгон. Кездеменин сулуулугу кийимдин көркүн ачып, теринин баалуулугун жогорулаткан. Кеңири таралган кийим кыргыз, казак, өзбек, тажик элдеринен сырткары элдерде окшош түрдө жасалганын кийишкен [7].

Кышкы кийимдин кызматын аткарган ичик узундугу, ээндиги кийе турган аялдын көлөмүнө жараша бычылат. Бычмачылар кездемени кесүүдө дайыма бир карыш өлчөмүндө ашыкча калтырышкан. Ашык калганы кийимдин ич бөлүгүнө каратып кайрылат. Кездеменин калышы кийимдин бир жери жыртылып калса, окшоштуруп

жамап койгонго ылайыктуу. Көпчүлүк учурда этек, жеңи кирип калганда узартуу үчүн пайдаланышкан. Биздин материалдарыбызда үстүгө кийилүүчү кийимдерде ашыкча кездеменин калышы арбын учурады. Колдо сакталган ичиктерге байкоо жүргүзгөнүбүздө дээрлик этек бөлүктөрүндөгү кездемеси бир элидей кирип калгандыгы байкалат. Териден ашыкча тигилген кездемеси, көп мезгилдер бою кийилип келгендиктен кирип, териси сырткы бетине көрүнүп калган. Мындай учурда кийимдин этегин сөгүп жиберип кайрадан теңдеп тигишкен [8]. Ичиктин жакасы эки карыш өлчөмүндө сыртына кайырма түрүндө салынган. Кийимдин эки жеңин кара түстөгү сатин кездемесинен ичтеп тигишкен. Түлкүнүн көлөмүнө жараша териси сарпталган. Майда болсо сегиз же тогуз тери керектелген. Териси сыйрылып кургатылгандан кийин башы, колу, буту кесилип тегизделип, ичикке ылайык кесилип даярдалат. Кээ бир түлкү ичиктин жакасы, жон бөлүгү териден болуп, калган бөлүгү кездемеден жасалган. Ичиктин астыңкы ачык бөлүгүнө кызыл түстөгү боо байланган. Боонун эки учу папиктелип, көпчүлүк учурда мончок тизилип кооздолгон. Байланган боосу бир канча талдан турган жиптерден өрүлгөн. Ал эки бирдей узундукта жасалып, кийимге бел жагынан бекилген. Аңчылыкта алынган терилерди кошумча каражат табуу максатында да сатып келишкен. Ичикти изилдөөдө алардын бычма тигилиши Орто Азия элдеринде бири-бирине окшош. Айрым гана кооздолушунда гана айырмачылыктар орун алган. Капталган териси, сырт кездемеси, жакасынын салынышынан айырмачылыктар байкалат. Аймактык өзгөчөлүгүн баамдасак салттуу кийимдин жасалышы ар бир аймакта бөтөнчөлүккө ээ. Биздин колдо топтолгон материалдардын негизинде жаканын салынышы, кездемесинин түстөрү, боолордун жасалышы менен айырмаланган. Мындай айырмачылыктар башка аймактагы аялдын өздүк чыгармачылыгында да пайда болгон. Аялдардын улам башка өзгөчөлүктөрдү жаратуусунан аймактык, уурулук айырмачылык келип чыккан.

XIX- кылымдын аягы XX- кылымдын башында ичиктер Кыргызстандын бардык аймактарында чоң белгилүүлүк менен таралып кийилгендигин биздин жүргүзгөн иликтөөлөр тастыктады. Ошондой эле бизге чейин жазылган окумуштуу С.М.Абрамзондун эмгегинде кышкы кийим суурдун терисинен тигилгендиги тууралу белгиленет [9].

Салттуу кийимдерин караганыбызда аймактык өзгөчөлүктөр, айырмачылыктар менен катар эле бычма тигилиши, аларды кийип жүрүүсү жалпы мүнөзгө ээ. Ошондой болсо дагы ар бир элдин кийим-кечелерди кийүүдөгү өздөрүнө гана тиешелүү салттары сакталган. Ошондуктан бир улутка таандык кийимдерди изилдөөдө канатташ жашаган элдердин маданиятын, жүргүзгөн чарбасын, соода сатык мамилелерин чогуу кароо зарыл. Ушул аймактагыларды жалпы окшоштуктарына жараша негизи үч топко бөлүүгө болот. Биринчи топтогуларга өзбек, тажиктер; экинчисине түркмөндөр; ал эми үчүнчүгө кыргыз, казак жана каракалпактар кирет. Бир эле элдин кийим-кечелерин алып караганда алар аймактык өзгөчөлүктөргө бөлүнүп, ошону менен катар эле уруулук айырмачылыктарга ээ.

Маданий салттардын байыркы издерин изилдөөдө археологиялык материалдар, орто кылымдардагы көрөсөндүү (монументалдуу) боек менен тартылган сүрөттөр булак катары кызмат кылат. Орто Азия жана ага жанаша жайгашкан аймактардагы байыркы мамлекеттердин археологиялык обьектилери болгон Балалык-тепе, Аджина-тепе, Пенджикент, Варахши, Афрасиабада сакталган сүрөттөрдүн баардыгы Тохарстан жана Согду тажик, өзбек элинин калыптануу аймагы болгондугунан кабар берет [10]. Мындай эстеликтердеги кийим-кечелердин берилиши орто кылымдардагы ушул аймакта жашаган элдер тарыхый бир жолду басып өткөндүгүн белгилейт. Боек менен тартылган сүрөттөр өзүнүн эрежеси катарында көбүнчө эрте феодалдык түзүлүштөгү элдин жогорку катмарын чагылдырган. Ошондой эле бай көпөстөр, музыканттар, бийчилер тартылган. Ушул сыяктуу композициялардан ошол мезгилдеги элдердин ортосундагы социалдык ажырымдарды ажыратуу мүмкүнчүлүгү түзүлөт десек болот.

Кыргыздар көчмөнчүлүк жашоо шартында байыртадан тартып эле тери ийлетип, күнүмдүк турмушуна керектүү кийимдерди даярдаган. “Манас” эпосундагы кийимдер тууралуу маалыматтарга талдоолорду жүргүзгөнүбүздө Орто Азия элдеринде кийимдердеги жалпылыктар көп экендиги байкалат. Кандагай аталышы кийимдердин ичинен абдан баалуусу болуп эсептелген. Негизинен мындай кийимдер баатырлар балбан күрөшкө чыкканда көп колдонулган. Кошой кийип Жолойго каршы чыккан эпизоддогу кандагай шымдын жасалышы, коോздолушу, колдоочу касиети тууралуу эпосто кеңири эскерилет. Каныкей тоо текенин териси мыкты болот деп угуп, аны көзгө атар мергенчилерге аттырып келгендиги, кырк ууз кызга тиктиргени да айтылган. Абдан ийлетилген тери кездемедей болуп жумшак абалга жеткен. Ушундан улам тери ийлетүү ыкмалары жогоруда сөз кылган аймактарда жогорку деңгээлде өнүккөн деп айтууга болот [11].

XVIII-XIX кылымдарга таандык кандагай шымдарын тарых музейинен кездештирүүгө болот. Ошондой эле Г.Айтиев көркөм-сүрөт музейинини фондусунда сакталып келет. Биздин мезгилге чейин сакталган бул экспонаттардын жасалышын эпостогу берилген маалыматтар менен салыштырып караганыбызда, андагы сүрөттөмөлөрдүн дал келиши кызыгууну жаратат. Ал эми кандагайга түшүрүлгөн сайма коздуктары ушул күндө да өз ыраңын жоготкон эмес. Анткени ошол мезгилдерде бардык материалдар табыгый ыкма менен алынган. Ошондуктан жиптердин боектору түсүн өзгөртпөй ушул күндө сакталып турат. Терилер ошол мезгилдерде басымдуу түрдө сары же күрөң өңгө салынгандыгы байкалат. Сайма коздуктарын караганда андагы көчөттөр айбанаттык мүнөзгө ээ. Анткени кыргыздардын салттуу коомунда эркектерге түшүрүлгөн сайма коздуктары айбанаттык мүнөздү алып жүргөн.

Элдердин ортосунда жүргөн маданий байланыштарды ачууда аларга таандык кийим-кечелердин ар бир түрүн өзүнчө иликтөө зарыл. Аларды кароодо биринчиден сырт кийимдерине көңүл буруу керек. Анткени бул жагынан алып караганда көп маалыматтар кездешет. Канчалык маалымат көп болсо ошончолук терең изилдөөгө шарт түзүлөт. Ал эми аларга илимий талдоолорду жүргүзүүдө бычма тигилиштер байыркы кийимдердин түзүлүшүн аныктоого мүмкүнчүлүктөрдү жаратат. Элдик оозеки чыгармалар, айрыкча дастандар негизги булак катарында кызмат кыла алат. Ошону менен бирге жергиликтүү элдерде колдонулуп келген терминдерди билүү абзел. Азыркы күндө кийимдерге байланышкан терминдердин тилге жараша сөздүгүн жыйноо жана аларга талдоо жүргүзүү, алардын этималогиялык маанисин ачып берүү негизги маселелердин бири. Колдонулган терминдерди так билүү менен ошол элдин түпкүлүгүн изилдөөгө болот.

Ортоазиялык кийим-кечелердин көптөгөн мезгилдер бою калыптануусу жана өнүгүүсү чарбачылыктын өзгөчөлүгү менен жаратылыштык-климаттык шарттарга көз каранды болгон. Ошондой эле канатташ жашаган элдердин тийгизген таасирине да байланыштуу. Кийимдерди изилдөөдө эң маанилүүсү башка элдер менен маданий байланыштардын негизинде келип чыккан кийимдердин өзгөчөлүктөрүн ачып көрсөтүү болуп саналат

Кийимдердин тарыхын изилдөөдө эң негизгиси алардын баскычтарындагы өнүгүү жолун аныктоо болуп саналат. Анткени биздин мезгилге жеткен XIX-XX кылымдарга тиешелүү кийимдерди, байыркы миниатюралар, скульптураларда сакталган кийимдер менен салыштырып караганыбызда абдан эле айырмачылыктар байкалат. Ушул себептен алардын өнүгүшүндөгү өзгөрүүлөргө көңүл буруубуз зарыл.

Жыйынтыктап айтканда Орто Азия элдеринде кеңири таралып кийилген кийимдерде жалпы бычма тигилиш орун алып, алардын кийилишинде дагы жалпылыктарга ээ. Мындай жалпылыктардын келип чыгуусу элдердин малчылык чарба күтүүсү, түштүк аймагында жерди иштетүүсү, жапайы аңдарга аңчылык кылышы менен дагы түшүндүрүлөт. Айрыкча сый кийимдерге кымбат баалуу аң терилерин колдонушкан.

Аларга аңчылыктан алынган сейрээк жаныбарлардын терисин колдонушу жалпы таралышка ээ болгон.


***Пайдаланылган адабияттар:***

1. Радлов *В.В.* Из Сибири / В.В. Радлов.- М.: Наука, 1989.- 750 с.
2. Вайнштейн, *С.И*. Историческая этнография тувинцев / С.И. Вайнштейн.- М.: Наука, 1972. - 314с.
3. Абрамзон С.М. Кыргыз жана Кыргызстан тарыхы боюнча тандалма эмгектер/Котор. С.Мамбеталиев, Д.Сулайманкулов, С.Макенов.-Б.: «Кыргызстан-Сорос» фонду, 1999.-896б.
4. Автордун талаа дептери.- 2011.-9б.
5. Махова Е.И. Материальная культура киргизов как источник изучения их этногенеза//ТКАЭЭ.-Фрунзе: Изд-во АН Кирг.ССР, 1959.-Т.III.-С 258
6. Автордун талаа дептери.- 2014.-11б.
7. Прыткова Н.Ф. Программа по изучению одежды народов Сибири//Одежда народов Сибири.-«Наука».-Л., 1970. -С.223
8. Автордун талаа дептери.- 2015.-14б.
9. Абрамзон С.М. Көрсөтүлгөн эмгек...
10. Момунбаева Н.С. Кыргыз жана тажик элдеринин кийимдериндеги жалпылыктар XIX – XX кылымдарда// Известия вузов Кыргызстана.-2013.-№4.-159б.
11. Момунбаева Н.С. “Манас” эпосундагы кыргыздардын салттуу кийимдери// Известия вузов Кыргызстана.-2013.-№4.-159б.